туруктуу комиссиялардын мүчөлөрүнө, жергиликтүү кеңештин депутаттарына маалымат булагы катары кызмат кылат.

38.3. Айылдык кеңештин төрагасы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы айыл өкмөтүнүн, мамлекеттик салык кызматынан жана юридикалык жактардан жергиликтүү бюджеттин долбоорун өз учурунда жана сапаттуу түзүү үчүн керектүү болгон бардык маалыматтарды суратып алууга жана өзүнүн жыйындарында ошол органдардын жетекчилерин, коомдук угуулардын активдүү катышуучуларын, демилгечи топторду, коомдук бирикмелерди жана башка кызыкдар адамдарды чакырууга жана угууга укуктуу.

38.4. Жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү үчүн зарыл маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте берилет.

38.5. Бюджет боюнча туруктуу комиссия бюджеттин долбоорун алдын ала кароону жүргүзөт жана айыл өкмөтүнүн отчетун угат, коомдук угуулардын катышуучуларынан жана башка кызыкдар жактардан түшкөн сунуштарды эске алуу менен айылдык кеңештин сессиясына бюджеттин долбоору боюнча корутундусун берет.

38.6. Айылдык кеңештин сессиясында жергиликтүү жамааттын жана башка кызыкдар жактардын сын-пикирлерин жана сунуштарын эске алуу менен жергиликтүү бюджеттин такталган долбоору ачык-айкын каралат, ошондой эле коомдук угуулардын натыйжалары боюнча бюджеттин аткарылышы тууралуу айыл өкмөтүнүн отчету каралат.

38.7. Тийиштүү жылга жергиликтүү бюджетти бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышы тууралуу айылдык кеңештин токтому жергиликтүү ЖМК гезити аркылуу жалпыга жайылтууга жатат жана документтердин көчүрмөсү маалымат тактайларына жайгаштырылат.

**39-глава. Айылдык кеңештин жарандарынын мыйзам чыгаруу демилгесин кароо**

39.1. Мыйзамдардын жана жергиликтүү жамааттын уставына ылайык жарандар мыйзам чыгаруу демилгесине ээ.

39.2. Жергиликтүү жамаат тарабынан айылдык кеңештин кароосуна киргизилген жана ушул Регламентте белгиленген тартипте жол-жоболоштурулган ченемдик укуктук актынын долбоору (токтомдун долбоору) демилгечи топтун катышуусу менен тийиштүү туруктуу комиссия тарабынан каралат.

39.3. Айылдык кеңештин кароосуна киргизилген ченемдик укуктук актынын долбоору туруктуу комиссиянын корутундусун эске алуу менен демилгечи топтун, жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн катышуусунда айылдык кеңештин кезектеги же кезексиз сессиясында каралат.

39.4. Жергиликтүү жамаат тарабынан демилгелеген ченемдик укуктук актынын долбоорун кароонун жыйынтыктары боюнча кабыл алынган айылдык кеңештин чечими аны киргизген демилгечи топко, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнө расмий жазуу түрүндө жеткирилүүгө тийиш.

**40-глава. Айылдык кеңештин ишин чагылдыруу.**

40.1 Айылдык кенештин ишин чагылдыруу, жыйналыштарды теле көрсөтүү жана радио уктуруу, мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттары боюнча берүү жолу менен, ошондой эле Нурманбет айылдык жергиликтуу оз алдынча башкаруу органдарынын сайты аркылуу жана маалымат тактайлары аркылуу камсыз кылынат.

40.2. Айылдык кеңештин, туруктуу жана убактылуу комиссиялардын жыйналыштарын видео-сүрөткө тартуу, ошондой эле үндөрдү жаздырып алуу айылдык кеңеш тарабынан белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

40.3 Айылдык кеңештин сессиялары, туруктуу жана убактылуу комиссиялардын жыйналыштарын теле көрсөтүүгө, радио уктуруу га, мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарына, кеңештин сайтына жана мааламат тактайларына чагылдырууга кетүүчү акча каражаттарынын чыгымдары жергиликтүү бюджеттен каржыланат.